## БИШКЕК ШААРЫ СВЕРДЛОВ РАЙОНУ № 94 ЖОББМ

## ТАРБИЯ ИШТЕРИ БОЮНЧА 2022-2023-ОКУУ ЖЫЛЫНЫН І-ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА АНАЛИЗИ

**2022-2023-окуу жылы мектептин тарбия иштери алдына коюлган максаттарды жана тапшырмаларды аткаруу менен баштады.**

**Тарбия иштеринин максаты: окуучуларды тартиптүү, билимдүү болушуна, ички аң-сезимди өнүктүрүү жана нравалык жактан тарбия берүүгө, мекенчилдик сезимин ойготуу, чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багытталды.**

**Бул максат жалпы билим берүү процессин камтып, билим берүүнү үзгүлтүккө учуратпай класстан тышкаркы иштерди уюштуруп иш алып баруу болуп эсептелип төмөнкү тапшырмаларды аткарууга өбөлгө болот:**

- **Класстык сааттардын жаңыча өтүлүшү, окуучулардын эс алуусун уюштуруу**
- **Окуучулардын өзүн оюн билдирүүдө эркин сезүүсүн**
- **Мекенчил болуп, эли-жерин урматтоону**
- **Көйгөйлүү маселе жаралганда өзүнүн өмүрүнө кайдыгер мамиле кылбай мугалим менен бөлүшүүнү**
- **Классташтарын жана улууларды сыйлоо, маданияттуу болуу**
- **Улуттар аралык биримдикке тарбиялоо**
- **Ата-энелер менен тыгыз иш алып баруу**
- **Окуучуларды мектептин иш-чарасына тартуу**
- **Спорттук иш-чарага катыштыруу**
- **Көйгөйлүү окуучулар жана алардын ата-энелери менен тыгыз иш алып баруу**
- **Эмгекке тарбиялоо**

**Бул максатты ишке ашырууда мектептин администрациясы: директордун милдетин аткаруучу Ажыгулова К.К; мектептин тарбия иштери боюнча орун басары, мектептин методисти, башталгыч класс боюнча директордун орун басары, уюштуруучу, китепканачы, ЧИ боюнча директордун орун басары;**

**80 класс жетекчи: анын ичинен башталгыч класстар-36; ортонку жана жогорку класстар 44-класс жана сабак берген мугалимдер тартылды.**

**Атайын мекемелер менен биргелешкен пландар окуу жылына карата макулдашылып бекитилди.**

**Класс жетекчилердин пландары бир жылдык болуп түзүлүп бекитилди. Тарбиялык сааттардын темалары түзүлдү.**

## АТКАРЫЛГАН ИШТЕР:

**1-сентябрь “Билим күнү” мектеп администрациясы тарабынан уюштурулуп, саат 9.00 дө мектептин астындагы аянтчага окуучуларга линейка өткөрүлдү. Линейкага мектеп босогосун алгач аттап жаткан жаш жеткинчектер 1-класстар жана алардын ата-энелери, жогорку класстардын окуучулары қатышышты. Линейканы директордун милдетин аткаруучу Ажыгулова Кенже Кадыровна ачып, куттуктоо сөзүн сүйлөдү. Линейка концерт менен коштолду. Андан соң окуучулар класстарга кирип, тарбиялык сааттар өткөрүлдү.**

**9-10-сентябрь күндөрү мектепте 1-11 класстарга жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлдү. Ата-энелер чогулушунда балдардын формасы, китеп менен камсыз болуусу, сабакка кечикпей келүү, катышуу жөнүндө жана жолдо жүрүү эрежелери жөнүндө маалымат берилди.**

**Ар бир айда "Жолдо жүрүү эрежелерин" мектепке атайын бекитилген МАИ кызматкерлери келип 1-9-класстарга лекция окушту .**

**12-сентябрда мектептин "Өзүн-өзү башкаруу" уюмунун мүчөлөрүн шайлоо болуп өттү. Шайлоонун жыйынтыгында мектептин президенти болуп 11-а классынын окуучусу Абдыкалыкова Клара шайланды.**

**14-сентябрда 6-7-класстардын окуучу кыздарына "Өздүк гигиена" , 8-11- класстын кыздарына "Эрте жаштагы кош бойлуулуктун зыяны" деген темада мектепке бекитилген №2 ЦСМ дин врачтары лекция өтүштү. Ушул лекциянын алкагында "Жугуштуу оорулардын алдын алуу" жөнүндө да айтылды.**

**19-сентябрь Баткен коогалаңына байланыштуу Президенттин жарлыгы менен "Аза күтүү" күнү жарялангандыктан мектептин желеги түшүрүлүп, атайын тарбиялык сааттар өткөрүлдү.**

**23-сентябрь "Мамлекеттик кыргыз тил күнү" белгиленди. Бул иш-чараны мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери жана класс жетекчилер, мектептин администрациясы менен биргеликте өткөрүштү. Атайын линейка өткөрүлүп, окуучулардын катышуусунда майрамдык концерт тартууланды.**

**29-сентябрда 6-7-8-класстардын окуучуларына мектептин тарых сабагынан мугалим Хайдаров Курманбектин чакыруусу менен белгилүү журналист "Ийгилик Академиясынын" тренери**
**Аскарали уулу Акжолтой "Доскада эркин сүйлөө" боюнча тренинг өттү.**

**Планда көргөзүлгөндөй сабактан көп калган окуучуларды аныктап, класс жетекчилер окуучулардын үйлөрүнө барып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, ата-энелерге жолугуп келишти.**

**1-октябрда " Карыларга камкордук" деген иш-чара өттү. Мектептин улуу муундагы өкүлдөрүнө концерт коюлуп, белектер берилди.**

**5-октябрь "Мугалимдер күнүнө" карата мектеп парламенти тарабынан концерт уюштурулду. Профсоюз уюмунан атайын белектер тартууланды.**

**7-октябрда "Өрт коопсуздугунун алдын алуу" боюнча атайын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинен жана Свердлов райондук өзгөчө кырдаалдар иш-башкармалыгынын өкүлдөрү келип, мектептин администрациясы менен биргеликте окуучуларга өрт коопсуздугу боюнча иш-чара практика жүзүндө көргөзүлдү .**

**17-октябрда "Жугуштуу оорулардын алдын алуу" деген темада 3-класстан жогору диктанттар алынды.**

**25-октябрда "Өрт коопсуздугунун алдын алуу" боюнча Эл аралык ЮНИСЕФ уюмунун ыктыярчылары тренинг өткөрүп, практика жүзүндө иш-чара өткөрүлдү.**

**25-октябрда "Биз кылмыштуулукка каршыбыз" деген темада ЖӨИ инспектору Жолдошов Марс 8-11-класстын окуучуларына лекция окуду.**

**Ар ишемби күнү “Жашыл Мурас” өнөктүгүнүн алкагында мектептин айлана-тегерегин тазалоо иштери мектеп жамааты тарабынан жүргүзүлдү.**

**Экинчи чейрек 2022- жылдын 9-ноябрында башталды.**

**11-ноябрда № 2 ЦСНдин дарыгерлери келип, 14-жашка чейинки кыздарга ВПЧ боюнча ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүздү.**

**23-ноябрда мектеп парламенти менен биргеликте “ Мисс жана Мистер” аттуу 9-10-11-класстар арасында конкурс уюштурулду. Конкурска окуучулар активдүү катышышты.**

**28-ноябрда 9-11- класстын окуучулары “Ордо” оюну боюнча райондук мелдешке катышып, экинчи орунга ээ болуп, шаардык мелдешке жолдомо алып келишти.**

**1-декабрь “Бүткүл дүйнөлүк ВИЧ-СПИД”ке каршы күрөшүү күнүнө карата окуучуларга класстык сааттар өткөрүлдү. Атайы дубал газеталар уюштурулду.**

**4-декабрь “Манас эпосунун күнүнө” карата кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынын мугалимдери тарабынан “Манасым менин мурасым” аттуу иш-чара өттү. Иш-чарада 8-11-класстардын ортосунда “Манас” эпосу боюнча акыл-таймаш өттү. Жаш манасчылардын конкурсу өткөрүлдү. 1-орунду 8-з классынын окуучусу Кабылов Бекзат ээледи.**

**8-декабрда мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана соцпедагог Бакасова Таалайкүл “Зордук- зомбулуксуз мектеп” деген темада 9-10-класстарда дебат өткөрдү. Дебатта зордук-зомбулуктун түрлөрү алардын алдын-алуу жолдору жөнүндө кызуу талкуу болду. Окуучулар тарабынан атайын видеоролик даярдалды. Дубал газеталар уюштурулду.**

**8-декабрда А.Осмонов атындагы улуттук китепканада өткөн “Адамга эң кыйыны-күн сайын адам болуу” аттуу Чыңгыз Айтматовду эскерүү кечесине тарых мугалими Хайдаров Курманбек жана кыргыз тили мугалими Асанова Мундуз жетектеген мектептин окуучулары барып катышып, ыраазычылык кат менен сыйланышты.**

**12-декабрь “Адабият алптары” аттуу адабий-көркөм чыгармачылык иш-чара өткөрүлдү. Иш-чаранын алкагында кыргыз адабиятынын алп жазуучусу Чынгыз Айтматовдун “Ак кеме”, “Кылым карытар бир күн”, “Бетме-бет”, К. Баялиновдун “ Ажар” чыгармаларынан окууучулар үзүндү аткарып беришти. Кыргыз адабиятынын алп акыны Алыкул Осмоновдун ырларын, Т.Сыдыкбековдун чыгармаларынан көркөм окуу болду. Чынгыз Айматовдун чыгармаларына байланыштуу макет жасоо, дубал газета чыгаруу конкурстары уюштурулуп, жеңүүчүлөргө баалуу сыйлыктар тапшырылды.**

**Сергек жашоо көндүмдөрү боюнча ЮНЕСКО уюму менен биргеликте иштелип чыккан тарбиялык видеосабактар 6-11-класстарга өтүлүп жатат. Видеосабактар жаш өзгөчөлүгүнө жараша атайын даярдалган.**

**16-декабрдан тарта мектеп онлайн окууга таратылды.**

**Карантинге байланыштуу мектепте жаңы жылдык иш-чара өткөрүлгөн жок.**

**Мектепте I-жарым жылдыкта окуучулардын саны 3054 болду.**

**Сабакты көп калтырган окуучулар менен класс жетекчилер, тарбия завучу, соцпедагог менен чогуу иштер жүргүзүлүп жатат. Телефон менен байланышып, үйлөрүнө барып акт түзүлүп жатат.**

**Мектепте 11-ийрим иштейт**

**Одоно тартип бузган окуучулар менен иштер жүрүп жатат. Бул окуучулар мектептин жана ЖӨИнин учетуна тургузулган. Учеттогу окуучуларды ар кандай иш-чараларга, мектептин парламентине жана спорттук ийримдерге кошуп иш жүргүзүлүп жатат.**

**Мектептин учетунда I-жарым жылдыкта 10-окуучу каттоого алынды. Ал эми ЖӨИ нин учетуна 13-окуучу каттого алынды.**

**БИБК (ИДД) каттоосуна кылмыштуулугуна I-жарым жылдыкка карата бөлүнүшүнүн мониторинги**

| Баардыгы | Алкогол ичим. колдонгон үчүн | Наркот. колдон. үчүн | Тамеки колдон. үчүн | мушташ үчүн | рэкет | уурулук | Газ балон,бычак, жана башка зыян келтирг буюмдарды алып келгендиги үчүн |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 13 | - | – | – | 12 | – | 1 | – |

**2022-2023-окуу жылындагы мектептин окуучуларынын I-жарым жылдыкка карата социалдык абалы:**

| Социалдык абал | саны | Социалдык абал | саны |
|---|---|---|---|
| Толук жетим | 1 | Көп балалуу үй-бүлө | 182 |
| Жарым жетим | 142 | Ата-энеси майып | 26 |
| Аз камсыз үй бүлө | 89 | Өгөй ата,апа менен жашаган балдар | 65 |
| Толук эмес үй бүлө | 231 | Майып окуучу | 16 |
| Сырткы мигрант | 43 | Иштеген окуучу | 10 |
| Баткенден келгендер | 70 | Хиджаб кийгендер | 149 |